*Сатылган кызы Г., Мукашова А.С.*
# ЖУСУП БАЛАСАГЫН – АКЫН ЖАНА ОЙЧУЛ

Жусуп Баласагын орто кылымда жашап өткөн улуу акын жана ойчул, түрк поэзиясынын негиздөөчүсү, окумуштуу-энциклопедист, Баласагын шаарында (азыркы Токмок шаарына жакын жерде) болжол менен алганда 1025-1018-жылдарда жарык дүйнөгө келген. Анын качан кайсы жана кайда өлгөнү белгисиз.

Элүү жаш курагында Жусуп Баласагын түрк тилинде классикалык биринчи чыгармасы болуп саналган «Кут билим» поэмасын жазууга киришкен.

Поэманы акын он сегиз айдын ичинде жазып бүтүрүп, 1069-1070-жылдары караханид каганатынын башчысы Табгач-Багра-Карахан-Абу-Али Хасанга тартуулаган, жасаган эмгеги үчүн ага Улук Хасс-Ажысы башкача айтканда император сарайынын министири кызматына ылайык келген жогорку кызмат орду ыйгарылган.

Демек, «Кут алчу билим» дастаны орто кылымдагы кыргыз-түрк тилинде жазылган 85 бөлүмдөн, 6645 ыр саптарынан турган кыргыз элинин маданий дөөлөтү, руханий дүйнөсүнүн улуу мурасы болуп саналат.

Бул поэма жогорку көркөмдүктө жазылган. Поэмада Жусуп Баласагын бийликти акыйкаттуу жүргүзгөн эл башчысы жумурай-журт бактылуу өмүр сүргөн бакыбат мамлекет жөнүндө өз түшүнүгүн чагылдырып берген. Поэмада камтылган саясий козголоң учурунда коомдогу өз ара келишпестик, жүрөк өйүткөн көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн моралдык-этикалык негиздери ачык-айкын сүрөттөлгөн. Чыгарманын айрым саптары макал-ылакапка айланып, эл ичинде кеңири тараган.

Түрк элинин улуу акыны, окумуштуу-энциклопедист, даанышман адам түрк тилинде алгачкы поэманы жазып, мурас катары муундан-муунга калтырган.

Поэмада көп нерсе сөзгө алынат; ак сарайдын турмуш-тиричилиги, ордо башы, аскер башчы, элчилик, катчы, ашпозчу, казыначы кандай болуш керек, мейман күтүү, узатуу, жар тандоо, бала тарбиялоо, көр оокаттын түйшүктөрүнөн кутулуу, өмүр менен өлүмдүн сыры, адамгерчиликтин маани-маңызы, адамдын бул дүйнөдөгү орду, илим-билимдин мааниси ж.б. толуп жаткан маселелер чечмеленет.

Адамдардын рухий тазалыгы, билими, акылы, аракети, ыймандуулугу аркылуу гана Алла Тааланын ыраазылыгы, колдоосу менен ар кандай максат иш жүзүнө ашып өнүгүп-өсүп турары айныгыс чындык экени «Кут алчу билим» дастанынын негизги өзөктүк идеясы. Ал эми адепсиздик, акылсыз-бузукулук, көрө албастык сыяктуу терс көрүнүштөргө Ислам дини катуу каршы турат. Андайлар акыры жакшылык көрбөйт.

Алла Таала берген акылды илим-билим менен байытып өнүктүрүү, ал акыл-жөндөмдү турмушта, иш жүзүндө туура колдоно билип, эл үчүн эмгек өтөө маселеси Ислам дининин шарттарынын бири болуп саналат. Мына ушул идеялар «Кут алчу билимде» даана сүрөттөлөт. Бул асыл ойду ар бир окурман атуул туура түшүнүүсү абзел.

Баласагын өз чыгармаларын түрк тилинде жазып, ошону менен түрк тилин ошол учурда кеңири колдонулуп, үстөмдүк кылып турган араб, фарсы тилдеринин деңгээлине көтөргөн. Ошондуктан «Кут алчу билим» дастаны он кылым бою жоголуп кетпей ушул

учурга дейре сакталып келди. Дагы да сакталып, изилденип улам кийинки муундар үйрөнө берери шексиз.

Адилеттүү болуу керектиги жөнүндөгү идея «Кут алчу билим» дастанында улам-улам кайталанып, адилет болуу ар нерсенин башы деген сыяктуу идеялар терең камтылган.

«Кут алчу билим» дастаны терең гуманизм менен сугарылган чыгарма экендиги баарыбызга маалым. Сен адамсың, адамга пайдалуу бол, элиң үчүн иште, колуңан келген жакшылыкты кыл, өмүр өткүчө кызмат өтө деген сыяктуу идеялар дастандан улам-улам түрдүү жагдайларда, шарттарда баса белгиленип отурат. Дастандан мисал келтирип көрөлү:

Эл үчүн иштебеген-өлүк адам,
Өлүк болбой, күч барда иште абдан.

Айтчы сен, адамдыктын пайдасы эмне,
Натыйжасын өмүрдө эл көрбөсө?.

Баалагын тирүүлүктү элге арна,
Бүт өмүрдү кыпындай өзүң алба.

Бир күнчө билинбестен өмүр бүтөт,
Андан соң кезек  алып өлүм күтөт.

Жонуңа өз элиңдин жүгүн арткын,
Сак жана ойлуу болуп, алга баскын.

Эгер сен бек болууну калсаң самап,
Адилеттик-байлыкты өзү табат.

Сараңдар көзү тойбой ач көз келет,
Бүт дүйнөнү сорсо да болду дебейт.

Алтын башың соо болсо казна качпайт,
Кушка салган данындан байлык албайт.

Кеңеш менен ар адам жолун түзөйт,
Кеңешпеген адамда кырсык күчөйт.

Турмушта эң бактылуу жылдар да бар,
Көп турбай тез жоголот бирок алар.

Дүйнөдө баары өзгөрөт, гүлдөр соолот,
Дөөлөттүн арты келип жакыр болот.

Арам иш акыретте жазаланат,
Күнүрттүк күтпөс ишке алып барат.

Адамдын ач көздүгү таш каптырат,
Байкатпай жайган торго чалдыктырат.

Жыйынтыктап айтканда, Жусуп Баласагындын “Кутту билим” поэмасында төрт символикалык каармандардын сүйлөшүүлөрүнөн, айтыштарынан, полемикаларынан,

суроо-жоопторунан келип, дастандын идеялык мазмуну терең социалдык-философиялык маанайда көркөм сүрөттөлүп берилет.

**Адабияттар:**

1. Абдыразаков А. Жусуп Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны: Окуу куралы // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.-Б., 2008-ж.
2. Абдыразаков А. Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш маселелери: Б., 2010-ж.
3. Акматалиев А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. Окуу китеби.-Б.: 2001-ж.
4. Артыкбаев К. Жусуп Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны жөнүндө // Мугалимдер газетасы, 21-сентябрь, 1990-ж.
5. Артыкбаев К. Тандалмалар.-Ф., 1984-ж.
6. Сыдыков С. Баласагындык Жусуп жөнүндө эмне билебиз?// Кыргызстан маданияты, 1986-ж. 24-июль.
7. Турдубаева Н. Жусуп Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны: -Б., 2006-ж.
8. Шериев Ж. Байыркы адабият тарыхы.-Б., 2000-ж.
9. Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты.-Б., 1996-ж.

10. Эралиев З. Жусуп Баласагын. Окуу куралы.-Б., 2000-ж.

***Рецензент: ф.и.к., доцент Чоробаева Н.А.***